| № | Академиялык дисциплиналардын аталышы | Окутуучу | Дисциплинаны изилдөөнүн максаты жана милдеттери | Алынган билим жана көндүмдөр | Калыптануучу компетенции |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **ӨНДҮРҮШТҮК ПРАКТИКАСЫ ПРОГРАММАСЫ** | | **Жумуш ордунда окутуунун (ЖОО) максаты** болуп кесиптик билим берүү уюмунда билим алуучуларды милдеттүү түрдө практикалык окутуу жана кесиптик билимдерин жана көндүмдөрүн бекемдөө, ошондой эле иш тажрыйбасына ээ кылуу менен жалпы жана кесиптик билимдерге жана көндүмдөргө ээ кылууга багытталган кадрларды даярдоо саналат.<br>**ЖООнун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:**<br>- иш тажрыйбасына ээ кылуу;<br>- кесиптик билим берүү уюмунун бүтүрүүчүсүнүн эмгек рыногунда социалдык мобилдүүлүгүн жана кесиптик атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;<br>- бүтүрүүчүлөрдүн билиминин сапатын иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүнө ылайык келтирүүнү камсыз кылуу;<br>- кесиптик билим берүү уюмунун билим алуучуларын, бүтүрүүчүлөрүн жана окутуучуларын продукцияны (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүүдө колдонулуучу илимдин жана техниканын жетишкендиктери, иш өндүрүүнүн инновациялык методдору, технологиялар ж.б. менен тааныштыруу;<br>- иш берүүчүлөрдү эмгек рыногунун талаптарына жооп берген кесиптик билим берүүгө кадрларды (даярдоого) тартуу;<br>- билим берүү программаларын өркүндөтүү аркылуу кесиптик билим берүү системасында кадрларды даярдоонун сапаты менен эмгек рыногунун керектөөлөрүнүн ортосундагы дисбалансты азайтуу.<br>**Практика** - ЖООнун формасы, ал теориялык окутуу процессинде билим алуучулар алган билимдерди | **Өндүрүштүк практикасынын максаттары:**<br>• Студенттердин теориялык алган билимдерин практика менен айкалыштыруу, мейманкана индустриясынын иштөө принциптери жөнүндө алгачкы түшүнүктөрдү берүү жана кесиптик көндүмдөргө багыттоо.<br>• Реалдуу иш шартында профессионалдык компетенцияларды калыптандыруу, өз алдынча чечим кабыл алууга үйрөтүү жана тейлөө процесстерин башкаруу көндүмдөрүн бекемдөө.<br>**Өндүрүштүк практикасынын милдеттери** — билимди практикада бекемдөө, жаңы көндүмдөрдү үйрөнүү, келечектеги жумушуна даярдануу, ишкананын ишине активдүү катышып, отчет берүү жана практиканын аягында баа алуу.<br>• Мейманкананын же туристтик комплекстин уюштуруу түзүмүн (структурасын) жана бөлүмдөрдүн өз ара байланышын изилдөө. | ЖК 4<br>ЖК 5<br>КК1<br>КК2<br>КК3<br>КК4<br>КК5<br>КК11<br>КК12<br>КК13 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | бекемдөөгө жана тереңдетүүгө, ошондой эле келечектеги кесиптик иш менен байланышкан иштердин белгилүү бир түрлөрүн аткаруу процессинде практикалык көндүмдөрдү жана компетенцияларды калыптандырууга, өнүктүрүүгө багытталган. | • Мейманкананын ички тартип эрежелери, коопсуздук техникасы жана санитардык-гигиеналык нормалар менен таанышуу.<br>• Брондоо, каттоо жана конокторду чыгаруу (check-in/check-out) процесстерин автоматташтырылган системалар аркылуу үйрөнүү.<br>Практиканын учурунда белгиленген мөөнөттө өз убагында келбеген студент практикадан өткөн жок деп эсептелет. Белгиленген мөөнөттө практикадан өтпөгөн студент практика боюнча отчетту коргоого киргизилбейт.<br>6. Өндүрүштүк практикадан өтүүнүн жыйынтыгында студент практикант практиканын максатына, милдеттерине, тапшырмаларына ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болот жана калыптанууга шарттар түзүлөт. | |